**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРОСВЕЩЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

---

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_________________№ ___________

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Билим берүү системасынын саясий бейтараптуулугун камсыз кылуу жана билим берүү уюмдарынын жана билим берүү чөйрөсүнүн кызматкерлеринин үгүт иштерине жана шайлоо процесстерине катышуусуна жол бербөө боюнча чаралар жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө мыйзамдарын сактоо, билим берүү системасынын саясий бейтараптуулугун камсыз кылуу, билим берүү системасындагы кызматкерлердин жана окуп жаткандардын үгүт иштерине тартылышына жол бербөө максатында, буйрук кылам:

1. Үгүт иштерине жана шайлоо процесстерине мамлекеттик, муниципалдык билим берүү уюмдарынын жана билим берүү чөйрөсүнүн кызматкерлеринин катышуусуна жол берилбестиги жөнүндө нускама тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын жетекчилери Нускаманын талаптарын так сактоону камсыз кылышсын, анын мазмуну менен кол койдуруу аркылуу бардык кызматкерлерди тааныштырсын.

3. Райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрү, Ош шаарынын билим берүү башкармалыгы жана Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти ушул буйруктун кыйшаюусуз аткарылышын камсыз кылышсын, тиешелүү түшүндүрүү иштерин уюштурушсун жана бардык ведомстволук билим берүү уюмдарында анын ишке ашырылышын туруктуу контролдоону жүзөгө ашырышсын.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону министрдин орун басарлары Н.С. Джусупбековага, А.Д. Махметкуловго жүктөлсүн.

**О мерах по обеспечению политической нейтральности системы образования и недопущении участия образовательных организаций и работников сферы образования в агитационной деятельности и избирательных процессах**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

В целях соблюдения законодательства Кыргызской Республики о выборах, обеспечения политической нейтральности системы образования, предотвращения вовлечения работников системы образования и обучающихся в агитационные процессы, приказываю:

1. Утвердить Инструкцию о недопустимости участия государственных, муниципальных образовательных организаций и работников сферы образования в агитационной деятельности и избирательных процессах согласно приложению.

2. Руководителям государственных и муниципальных образовательных организаций обеспечить строгое соблюдение требований Инструкции, довести её содержание до сведения всех работников под роспись.

3. Районным и городским отделам образования, Управлению образования города Ош и Департаменту образования Мэрии города Бишкек обеспечить неукоснительное исполнение настоящего приказа, организовать соответствующую разъяснительную работу и осуществлять постоянный контроль за его реализацией во всех подведомственных образовательных организациях.

4. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителей министра Н.С. Джусупбековой, А.Д. Махметкулову.

**Министрдин биринчи орун басары** **М.А. Баймурзаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 1252/1, 10.10.2025

Кол койгон: Баймурзаев М.А.